# Лейлек килеми



Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Светлана Насымбатова

# Лейлек килеми

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насымбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Лейлек килеми" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева,
сүрөтчү Светлана Насымбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom



Бермет, Асыл, Айкөл, Элдар бак ичине салынган килемдин үстүндө топ таш ойноп отурушту.

– Карагылачы, килемдеги оймолор бугунун мүйүзүнө окшош экен, – деди Асыл.

Бермет менен Элдар бугу мүйүзгө окшош оюуларды таап, кубанып жатышты.



Килемге түшүрүлгөн оймолор силерге жактыбы? – деп чоң эне алардын жанына келди .

– Ооба, чоң эне. Ушунчалык кооз экен. Килемди кантип жасайт? – деп сурады Асыл.

– Анда, силерге килем жөнүндө айтып берейин, – деди чоң эне балдардын жанына отуруп.




Кыргыз элибизде кол өнөрчүлүк абдан өнүккөн. Биз жашаган Лейлекте бүгүнкү күндө да килем көп согулат.



**Койдун жүнүн кыркуу**

Койлордун жүнүн күзүндө, жазында кыркып алабыз.



Жүндүн агын, карасын бөлүп тазалап, жууп, күнөс жерге жайып кургатат.

Күнгө кургаган ак жүндү түрдүү түстөргө боёп, тытып алуу керек. Тытылган түстүү жүндү үшмөктөп, кол ийик менен ийрип, бир топ жип даярдайбыз.



**Жүндүн боёлушу**


– Чоң эне, жүндү кантип боёчу элеңер?

Адегенде чоң казанга суу куюп, астына от жагабыз. Суу кайнап чыкканда, боёк салынат. Биринчи сары боёкту салуу керек. Анткени сары түс – түстөрдүн эң ачыгы. Өлчөп бөлүнгөн жүндөрдү сарыга боёп алабыз. Андан кийин сары боёкко көк боёкту кошсок, жашыл түс келип чыгат. Анан дагы бөлүнгөн жүндөрдү жашылга боёп алабыз.

Башка түстөргө боёо үчүн казандагы боёктун калдыгын төгүп, кайрадан таза суу куюп, жаңыртып туруу керек. Андан соң сары боёкко кызыл боёкту кошсо, бажырайган саргыч кызыл түс келип чыгат.

Жаңгактын жалбырагына боёсо, кочкул күрөң түс келип чыгат. Пияздын кабыгын кайнатып боёсок, ачык саргыч күрөң түскө келет. Анардын кабыгынан сары түстүү боёк алынат.

Баткендик ишмерлер кара, ак койлордун нукура түстөрүн да айкалыштырып, түр салып, укмуштуудай кооз килемдерди жасашат.


**Килем куруу**

Килем курганда, үч-төрт уз аял биригип алып килем токуу үчүн өзөгүн даярдашат.

Аштама – килем куруу үчүн жыгачтан жасалган станок. Эки кол өнөрчү аштаманын баш жагына отурушат. Аштаманын аягына дагы экөө отурат.

Күзүк– бул узатасынан тартылган түстүү жиптер. Ушул үстүңкү жана астыңкы жиптерди “х” сыяктуу кылып “*шерик*” деп аталган кошумча жипке тизип байлап чыгат. Ошондо жиптер бири өйдө, бир ылдый кайчылашып турат.

Килем сокkондо, эки четиндеги чебер кыздар улам аркакты тартып өткөрүп отурушат. Килем куруда силерге окшогон кичинекей кыздар, балдар да жардам берет. Топ сымал түрүлгөн түстүү жиптерди көтөрүп алып, аштаманын бир башына, бир аягына чуркап, ары-бери тартып беришет.



**Килем согуу**

Үч-төрт уз аял токмок, бычак, кайчынын жардамы менен түрдүү жиптерди токуп, килем согушат.

Күзүккө түрдүү жиптерди байлап, оң колундагы бычак менен бат-баттан кесип алышат. Кайра аны токмок менен түрсүлдөтүп уруп, байланган түрлөрдү кайчы менен тегиздеп, кайра эле токмок менен ургулашат.

Килем күндөн-күнгө ар кандай оймо, чиймелер, гүл түшүрүлүп, кооз боло баштайт. Эки жумада ажайып кооз килем аягына чыгат.

Силердин астыңарда салынган килем ушундайча согулган. Килем ден соолукка пайдалуу. Килемден ным өтпөйт.

– Мен дагы килем сокконду үйрөнгүм келет! – деди Асыл.

– Энеден кыз үйрөнүп, килем өнөрү кылымдан-кылымга уланып келе жатат. Каалаcаңар, силерге да килемди кантип куруп, кантип сокконду үйрөтөмүн, – деди чоң эне.

– А мен чоңойгондо килем токуучу станокторy бар чоң ишкана ачып, апалардын эмгегин жеңилдетет элем! – деди Элдар.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Светлана Насымбатова



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**